Тиркеме-10.

## Соцпедагогдун отчету.

**Таалайбек Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин**

**2022-2023-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгына карата соцпедагогдун жыл башында аткарган иш-аракети тууралуу маалымдам**

Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 2022-2023-окуу жылында мектептин соцпедагогу болуп Барыктабас кызы Сайка иш алып барып жатат.

Окуу жылынын башында соцпедагогдун жылдык иш планы түзүлүп бекитилген. План боюнча иштер өз убагында аткарылып жатат.

Окуу жылынын башталышында мектептин соц.паспорту тузулуп,иштер алып барылды.

Жылдык иш планда көрсөтүлгөндөй окуучулардын соц абалын аныктоодо ички, тышкы мигрант ата-энелердин балдарынын, малчы ата-энелерди балдарынын, көп балалуу үй-бүлөөдө тарбияланган балдардын, мектептен алыс жашаган ата-энелердин балдарынын, мечитке барган эркек балдарды хиджап (жоолук) салынган окуу кыздардын, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын, толук жетим, жарым жетим окуучуларды тизмелери класс жетекчилер тарабынан такталып, маалыматтар алынган. Мындан сырткары мектептин мугалимдери жана техперсоналдары тууралу маалыматтар такталып папка уюштурулду.

Атай кетсек жалпы мектеп боюнча 211 окуучу окуп жатат,анын ичинен кыздар 101

Тышкы миграцияда жүргөн ата-энелердин балдарынын саны 23

ички миграцияда жүргөн ата-энелердин балдарынын саны 20

жарым жетим окуучулардын саны 4

ата-энеси малчы ата-энелпрдин балдарынын саны 9

аз камсыз болгон үй-бөлүнүн балдарынын саны 17

ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелгпн окуучулар жок

көп балалуу үй-бүлөдө тарбияланып жаткан окуучулардын саны 61

мечитке барган окуучулар 3

жоолук салынган окуучулар 4

мектептен алыс жашап барып келип окуган окуучулардын саны 18

мектепке жаңы келген окуучулардын саны 10

ата-энеси ажырашкан окуучулардын саны 9

Миграцияда жүргөн окуучулардын ата-энелеринен "атайын ишеним кат" алуу жагы ата-энелерге жана алардын ордун басуучуларга түшүндүрүлү берилди,учурда натариус менен бекитилген эки ишеним кат алынды жана калган окуучулардыкын алууга аракеттер жүргүлүп жатат.

Ушул эле окуучулардын ата-энесинин ордун басуучулардан милдеттенмелер алды жана класс жетекчиси тарабынан мүнөздөмөр жазылды.

Алыстан келген окуучулардын ата-энелеринен мидеттенмелер өз убагында класс жетекчилер жаздырып беришти.

Окуу жылынын башталышы менен мектепке окуучулар келгенде ар бир окуучунун дене табы текшерилип атайын уюштурулган журнал жазылып атат

Окуу жылынын башталышында балдарга карата зордук зомбулукту жана жаш өспүрүмдөрдүн тартиби туурсында ИДН Акунов Марат жан айыл аймактык нускоочу Мырзакулов Сүйүндүк келип жалпы мектеп окуучуларына чогулуш өткөзүп кетти.

Мындан сырткары " Кырсыктардын тобокелин азайтуу боюнча" иш план түзүлүп,ал пландын негизинде иштер жүргүзүлдү. Пландын негизинд соц.педагог башталгыч класстардын окуучуларына " ар кандай обьектерде жанан өрт чыккан учурда адамдар эмне кылуу керек?" деген темад тарбиялык иш алынып барылды, " Куткаруучу" деген темада башталгыч класстын окуучулары сүрөт тартып келишти жана ошондой эле "Өзгөч кырдаал учурундагы алгачкы медициналык жардам" тууросында ФАП кызматкери келип 10-11-класстын окуучуларына үйрөтүү иштерин жүргүзү кетти.

"Кырсыктардын тобокелин азайтуу" иш чарасы боюнча кээ бир пландар аткарылбай калды,аларды атай кетсем: 6-11-класстар арасынд сүрөттөр,долбоор түзүү аткарлыган жок." Мен жаш куткаруучу" деген темада 9-10-11-класстар арасында видео жасоо жагы аткарылган жок.

Азыркы турмуш шартка байланыштуу ата-энеси мигрант окуучулардын үйлөрүнө насаатчы мугалимдер тез-тезден барып кабар алып туру керек. Бул окуучуларга насаатчы бекитилген. Мектеп ичинде ал окуучулардын окууларына жана ден соолуктарына конул болунуп турушу керек.

Ар бир ай сайын Улахол айыл өкмөтүнүн соц.адисине ички-тышкы мигрант ата-энелердин балдары жана жарым жетим окуучулар тууралу маалыматтар оз убагында класс жетекчилер тарабынан тактальп берилип жатат.

2021-2022-окуу жылынын апрель айында атайын окууганымдын негизинде Райондук семинар өтүп келдим. Семинардын максаты жа өспүрүмдөр арасында суицидди алдын алуу болуп саналат

Мектеп ичинде класс жетекчилерге жана мектептин жалпы ата-энелерине

балдардын " Социалдык психологиялык факторлору" жөнүндө семинар ушул окуунун негизинде ноябрь айында өтүлөт.

Мектеп ичинде кыздар жана балдар кеңеши уюшулган, бул уюмдар дагы өз убагында пландары түзүлүп,бекитилип иштери алынып барылбай жата

Мектеп ичинде "Купуя сандык" уюштурулган,бул купуя сандык тууралуу окуучуларга тушундуруу иштери жыл башында журугузулуп тур жана купуя сандыктын өзүнүн жобосу бар. Купуя сандыкка атыйын папка уюштурулган. Бул папкага купуя сандыктан чыкк кайрылууларды,сунуш,пикир,даттанууларды каттайбыз жана иш алып барабыз. Купуя сандыкты ар бир айдын биринчи жумасында ачып,протоколд жазылып,иштер жүргүзулот.

2022-2023-окуу жылында биринчи айлыкта ачканыбызда төрт билдирүү келип түшкөн. Ал билдирүүлөргө акт түзүлүп,класс жетекчилер түшүндүрүү иштери өз убагында жүргүзүлдү.

Октябрь айынын аягында 5-класстын окуучусу Токтогулов Ильяздын жүрүш-туруш тартиби начар болуп жаткандыгына байланыштуу мектептин ич көзөмөлүнө алынды жана эми түшүндүрүү иштери алынып бара баштайт








11-ОКТЯБРЬ
„ЭЛ АРАЛЫК КЫЗДАР КҮНҮ"


REDMI NOTE 8
AI QUAD CAMERA


REDMI NOTE 8
AI QUAD CAMERA


REDMI NOTE 8
AI QUAD CAMERA


REDMI NOTE 8
AI QUAD CAMERA